УДК 821.512:154:398
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-279-284

**ОРОЗАЛИЕВА Ж.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**ОРОЗАЛИЕВА Ж.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**OROZALIEVA J.M.**
KNU J. Balasagyn

# К. АРТЫКБАЕВ – ФОЛЬКЛОРИСТ

К. АРТЫКБАЕВ – ФОЛЬКЛОРИСТ

K. ARTYKBAEV - FOLKLORIST

**Кыскача мүнөздөмө:** К.Артыкбаев – фольклордук адабияттын тарыхчысы катарында анын чыгыш тарыхын, генезисин, табиятын системага салууга аракет кылган окумуштуу. Ал фольклордук материалдардагы теориялык маселелерди чечмелеп, жанрдык маанисин, структурасын белгилөөгө зор аракеттер жумшаган. Фольклордук адабияттын сынчысы катары фольклор тууралуу эмгектерге сын пикир, көз караштарын системалуу билдирип келген. Элдик оозеки чыгармалар жаатында эң актуалдуу жана буга чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүнө түшпөй келген проблемаларды көтөрүп чыгып турган. Изилдөө объектиси болгон фольклордук материалдын өзгөчөлүгүн, илимдеги жана жалпы маданияттагы ордун белгилеп берет. Устат катары өзүнүн көтөргөн проблемалары аркылуу жаш фольклор изилдөөчүлөргө илимий идеялык багыт берет. Макалада мына ушул аталган маселелер чечмеленип, аргументтештирилип сыпатталат.

**Аннотация:** Как историк фольклорной литературы выдающийся учёный К. Артыкбаев стремился систематизировать историю, генезис и сущность фольклорной литературы. Он глубоко исследовал теоретические вопросы, содержащиеся в фольклорных материалах, и внёс значительный вклад в определение их жанрового значения и структуры. Как критик фольклорной литературы, К. Артыкбаев систематически высказывал свои мнения и критические взгляды на труды, посвящённые устному народному творчеству. Он поднимал наиболее актуальные вопросы в области фольклора, которые ранее оставались вне внимания исследователей, и проводил их детальный анализ. Его научные труды направлены на выявление особенностей фольклорных материалов, а также их значения в науке и культуре в целом. Кроме того, как наставник, он через поднятые им проблемы давал научно-идеологическое направление молодым исследователям фольклора. В данной статье подробно рассматриваются и аргументированно анализируются вышеупомянутые проблемы.

**Abstract:** As a historian of folklore literature, the outstanding scholar K. Artykbayev sought to systematise the history, genesis and essence of folklore literature. He deeply investigated theoretical issues contained in folklore materials and made a significant contribution to the definition of their genre meaning and structure. As a critic of folklore literature, K. Artykbaev systematically expressed his opinions and critical views on works devoted to folk oral creativity. He raised topical issues in the field of folklore, which previously remained outside the attention of researchers, and conducted their detailed analyses. His scientific works are aimed at revealing the peculiarities of folklore materials, as well as their significance in science and culture in general. Moreover, as a mentor, he set scientific and ideological direction for young folklore researchers through the problems he raised.  This article discusses and analyses the above-mentioned issues in detail and with arguments.

**Негизги сөздөр:** К. Артыкбаев; фольклор; элдик оозеки чыгармачылык; фольклорист; кошок; айтуучу; жаратуучу; автор; макал; санжыра; жыйноочу; какшык; жомок; чет элдеги кыргыздардын фольклору; фольклористика; айтыш; сөз өнөрү; «Ак Мөөр»; «Жаңыл Мырза»; «Кедейкан»; «Жаныш-Байыш»; «Курманбек» эпостору; “Манас” эпосу.

**Ключевые слова:** К. Артыкбаев; фольклор; устно народное творчество; фольклорист; кошок; сказитель; творец; автор; пословица; санжыра; собиратель; какшык; сказка; фольклор кыргызов зарубежья; фольклористика; айтыш; речевое искусство; «Ак Мөөр»; «Жаныл Мырза»; эпосы «Кедейкан»; «Жаныш-Байыш»; «Курманбек»; эпос «Манас».

**Keywords:** K. Artykbaev; folklore; oral folk art; folklorist; koshok; narrator; creator; author; proverb; sanzhyra; collector; kakshyk; fairy tale; folklore of the Kyrgyz abroad; folkloristics; aytysh; speech art; «Ak Moor»; «Janyl Myrza»; epics «Kedeikan»; «Janysh-Baiysh»; «Kurmanbek»; epic «Manas».

К. Артыкбаев адабиятчы, сынчы гана эмес, дасыккан фольклорист катары да адабий коомчулукка белгилүү. Окумуштуу катары изилдөө арсеналы кең, ар тараптуу универсал изилдөөчү экендиги анын эмгектеринин адабияттын дээрлик баардык жанрларында жана салааларында көрүнүшү эле далилдеп турат. «К.Артыкбаевдин илимий кызыкчылыктары ар кайсы жанрлар, авторлор менен байланышта болсо да, адабият жана фольклор, кыргыз адабиятындагы социалисттик реализм методунун калыптанышы, көркөм сөз өнөрүндөгү салт жана жаңылык маселелери анын изилдөөчүлүк негизги уңгусун түзөт. Маселен, анын «Адабият таануубуздун актуалдуу маселелери». «Айтуучубу, же жаратуучубу?», «Октябрь жараткан илим», «Мезгил элестери» сыяктуу макалалары – адабиятыбыздын айрым башы ачыла элек маселелерине арналган, алдына чоң илимий маселелерди койгон жана аларды өз алдынча чечкен эмгектер» [1, 1984] – деп баа берген адабиятчы О.Ибраимовдун пикирине толугу менен кошулуу аркылуу бул чакан макалабызда окумуштуунун фольклорист катары изилдөө уңгусун белгилөө аракетин аркалайбыз.

К.Артыкбаев элдик оозеки адабияттын кайсы гана жанрында жазбасын алгач ошол түрдүн же жанрдын табиятын ачып берүүнү алдыңкы планга коет. Анын жанрдык өзгөчөлүгү, эл турмушундагы орду, генезиси сыяктуу проблемаларды чечмелөө менен окумуштуунун ар бир изилдөө эмгеги конкреттүүлүк, тактык, маселени терең карагандык сымал белгилерди өз ичине камтып турат. Анын фольклорист-окумуштуу катарындагы эмгектеринин баалуулугу мына ушунда. Окумуштуу макаланын көлөмү чакан болсо да изилдөөчүлүк этикетти сактоо менен так, кыска, түшүнүктүү жана далилдүү ойлорду окурман алдына аргументтүүлүк менен даяр түрдө тарта салат. Ошону менен катар сөз болуп жаткан маселенин келип чыгыш тарыхынан баштап, анын негизги мазмунун, өзүмдүк сапат-белги, касиеттерин кошо мүнөздөп объективдүү түрдө жалпы маалыматтарды да бере билгени анын чоң эрудициялуу окумуштуу экендигинин ачык далили катары көрүнөт. Ар бир макаласында изилдөөчү кыргыз элинин бай казыналуу оозеки адабиятынын кереметтүү күчүн көргөзүүгө негизги басымды жасайт. Кыргыз фольклористикасынын илим катары өнүгүшүндөгү али чечилбей келе жаткан маселелерди чечмелөөгө, ал аркылуу кыргыз элинин укмуштуудай бай мурасы тууралуу илимдин өсүш процессине зор салымын кошкону анын ар тараптуу, көп грандуу окумуштуу, анын ичинде аты атпай журтка таанымал белгилүү фольклор таануучу катары беделин бир кыйла бийиктетет.

К. Артыкбаев адабият майданына келип кирген 50-жылдардын аягында эле ал эл адабиятына кызыгуу менен карап, фольклордук материалдарды жыйноо жана изилдөө ишинде эпкиндүү ат салыша иштегендиги ошол жылдардын адабий летописине сереп салганда эле байкала түшөт. Демек, изилдөөчү адабиятчы катарында фольклордук адабияттын бай казнасына кызыгып, ал туурасында байкаган илимий ойлорун, көз караштарын, гипотезаларын мезгилдүү басма сөз беттерине жана атайын жыйнактарына жарыялоо менен эл оозеки адабиятынын чечиле элек жана ошондой эле илимде талаш пикирлерди туудурган орчундуу маселелерине үн кошуп, оригиналдуу ошол эле учурда обьективдүү көз караштарды камтыган корутундуларын үзбөй берип турганын белгилебей коюуга болбойт.

60-70-жылдар фольклорист К.Артыкбаев үчүн өтө жемиштүү учур болгону бир караган көзгө дароо учурайт. Чыгармачылык күчү толуп-ташып, адабиятчылык анын ичинде изилдөөчүлүк эрудициясы бийиктеп турган бул мезгилде окумуштуу эл арасындагы айтылып жүргөн накыл сөздөрдү, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды жан үрөп жыйноого жана жарыялоого күч жумшаган.

Анын 1967-жылы чыккан «Макал жана санжыра» деген илимий макаласы кыргыз фольклористика илиминин тарыхындагы эң баалуу материалдардан болуп саналат. Мында илимпоз айылдык мугалим Садыков Жумагул карыянын өз алдынча жазып, жыйнап жүргөн материалдарына адабий талдоо берет. Биринчисинде жалаң кыргыз элинин оозунда айтылып, бирок али жарык көрө элек элдик чыгармалар, алардын ичинде макал-лакаптар, ал эми экинчисинде болсо жалаң санжыралар чогултулуп-жазылган материалдар чынында К.Артыкбаевди кайдыгер калтырбай койгон эмес. Ал материалдар менен толук таанышып

чыгып, алардын мындан мурда жарык көрүп келе жаткан макал-лакаптардан болгон айрымачылыктарына, илимий баалуулугуна токтолуу менен изилдөөчү өзү эскерткендей алардагы негизги жаңылыктарды ачып берүүгө демилге көтөргөн. Ошону менен бирге элдик кенчти чогултуу ишинин өзгөчөлүктөрүн белгилеп келип, «Албетте, элдин сөз байлыгын кастарлап, аны кумдан алтын издегендей таап чогултуу оңой-олтоң иш эмес. Ал үчүн аны жан дилиңден сүйүш керек, сүйүп гана тим болбостон, элдик кенчти чогултуу үчүн дайыма талыкпай аракеттенүү керек» [2,1967] – деп элдик чыгармачылыкты жыйноо ишинин ары татаал, ары майда мүнөзүн ачып берген. Жумагул карыянын чыгармачылыгын, өмүр жолун очерктик ыкма менен кыскача айтып келип, анын макал-лакаптарды жазып алуу манерасын баяндап өтөт. Демек, изилдөөчү жазылып алынган макалдарга адабий анализ берип тим болбостон өзүнө гана тиешелүү тактык жана тыкандык менен жыйноочунун толук таржымалы тууралуу да кеңири маалымат берет. Бул жерден да демейдеги Артыкбаевдин өзүнө гана таандык стиль, окурманга майда-чүйдөсүнөн бери деталдаштырылып, «чайнап» берүүчү кадимки өзүнчөлүгү көрүнүп турат. Алакандай чакан макалада жыйноочуга жана ал тарабынан жыйналган материалдарга толук анализ жасалып тааныштыруу иретинде жалпы мүнөздөмө берилген. Бул илимпоздун баяндоо, информация берүү жана актуалдуу проблеманы көтөрө билүү жөндөмдүүлүгүн жана изилдөө этикасын так сактагандыгы. Санжыра тууралуу да окумуштуу ошол өз мезгилинде али изилдөө предмети катары чети оюла элек, ал турсун заман идеолологиясына [2, 1967] тескери делген маселелердин бири экенине карабай, алгачкылардан болуп өз пикирин коомчулукка ачык айта алган. Ал гана эмес санжыраны элибиздин тарыхы катары илимий көз караштан үйрөнүү, иликтөө жүргүзүү зарылдыгын белгилеп, эл тарыхын, маданиятын өздөштүрүүдө баалуу курал болорун айтып, жаш изилдөөчүлөргө чыйыр салуу менен жол көрсөтүп, изилдөө багытын белгилеп, анын «жандуу тарыхтын кызматын көрсөтүп…» турган өзгөчөлүгүн билдирет да фольклорист окумуштуулардын ичинен биринчилерден болуп кыргыз элинин санжыраларынын өтө баалууларын, тарыхый маалыматтары барларын жарыялоого карата сунушун берет. Буга удаалаш окумуштуу санжыра жанрынын мыкты үлгүлөрүнүн бири катары Бала Айылчынын «Кыргыздардын санжыра тарыхы» деген көлөмдүү кол жазмасы тууралуу да кеп козгойт. Биздин оюбузча улуттук маданиятыбыз муунуп турган 60-70-жылдарда жогорудагыдай улуттук тарых, санжыра маданияты, эл арасынан чыккан санжырачылар тууралуу сөз козгоо эр жүрөктүүлүк эле болсо керек. Бул изилдөөчүнүн өзгөчө патриоттук таза сезимин, чындык үчүн чыркыраган атуулдук ариетин чагылдырып турат.

Ушул эле ойду изилдөөчүнүн «Коймотой какшык» макаласынан [4,1984; 16] да байкоого болот. Мында автор жумгалдык Капсалаң уулу Карабектен жазып алган элдик чечендик жөнүндөгү уламыш окуялар туурасында сөз кылып, эл арасындагы таланттуу адамдар тарабынан ишке ашырылып, кызыл тилдүүлүк менен аткарылган ж.б. элдик чечен, насаат сөздөргө адабий анализ жүргүзөт. Коймотойдун какшык кептеринин аңыз болуп эл оозунда айтылышын белгилеп, алгачкы жарыяланып жаткандыгы менен жалпы окурмандарды тааныштыруу максатын аркалаган бул эмгек да келечектеги илимий изилдөө иштерине баалуу материал болуп кала берерлиги талашсыз.

«Эркек кошок кошобу?» аттуу чакан макаласында да кыргыз элинде кеңири таралган кошок жанрына токтолгон. Адам өлгөндөгү жоктоо кошогу бул кыска макалада таасын иликтенген. Адат катары алгач терминге түшүнүк берилип, адабий кыска обзор-анализ жүргүзүлөт. «Жакын адамы дүйнөдөн кайтканда аза күтүп кайгыруу, ошол оор жоготууну ый аралаш ыр менен билдирүү, өлгөн адамдын кылган иштерин, ата-тегин, атак-даңкын, адамдык асыл сапаттарын даңазалоо, күйүп жаткан кишиге кайрат айтуу дал ошол өлгөндү урматоо мазмунуна жык толгон кошоктордо ачык чагылдырылган.

Адатта кошокту баардык эле аялдар кошкон. Бирок ошонун ичинде да таланттуу акын аялдар чыгып, кошокту эки-үч ооз кайыруу менен гана чектелбей, өзүнчө бир поэтикалык чыгармачылыктын деңгээлинде айтышкан. Андай кошоктордо өлгөн адамдын аз болсо да өз көркөм образы түзүлүп, анын ким экендигинен кадыресе маалымат алуу мүмкүнчүлүгү ишке ашкан. Мындайча айтканда аял затынын акындык талантын билдирип, жалпы журтка айгине кыла турган бирден-бир маанилүү аудитория кошок кошуу учуру болгон» [3, 1996; 9]. Алынган үзүндүдөн көрүнүп тургандай изилдөөчү алгач кошок жана кошокчу тууралуу жалпы сөзгө токтолуп, аны менен катар ага адабий-теориялык

баяндама жасап кетүүнү артыкбаш эсептебейт. Чындыгында эле бул артыкбаш эмес, тескерисинче, дал убагындагы маанилүү баяндоо катары окурмандарга зор жардамын тийгизет. Жазылып алынган текстти окуурдан мурда окурман жогорудагыдай жалпы теориялык түшүнүккө ээ болуп, даярдыгы артылгандан кийин гана тексттик материалды өздөштүрөт. Белгилүү болгондой кошоктордун негизги өзгөчөлүктөрү, мааниси, угуу чөйрөсү, аткаруудагы чеберчилик тууралуу кыскача билдирүү макаланын негизги өзөгүн түзөт. Ушул өңдүү жалпы маалыматтардан соң гана изилдөөчү негизги проблемага өтөт. Жалпыга аялдардын гана аткаруусунда белгилүү болуп келген бул жанрдын эркек кишилердин аткаруусундагы өзгөчөлүгү тууралуу маалыматтар берилет. «Эл арасы чыгармачылыктын ордосу» болгонун, калк ичинде түрдүү кубулуштар, көрүнүштөр болорлугу белгиленүү менен кошокту өлүм үстүндө аялдар гана айтат деген калыпка салынган түшүнүктүн калпыстыгы ушул макалада камтылган турмушта кездешкен фактылык материалдын негизинде айгинеленет. Автор өзү күбө болгон окуялардын негизинде кошок жанрындагы дагы бир деталдык өзгөчөлүктү белгилеп кошоктун комуз менен айтылыш үлгүсүнө да иликтөө жүргүзөт. Муну менен бирге ал «жазма адабият пайда болгондон кийин фольклордук адабият өзүнүн өнүгүп-өсүү процессин токтотот» деген эрежени да четке каккан да бул макалага негиз болгон материалдар азыркы турмуштан алынгандыгын белгилейт. Улуу «Манас» эпопеясын жараткан уюткулуу кыргыз элинин дагы эле болсо да уучу куру калбай таланттуу адамдар бар экендиги да далилденет. Болбосо кылымга жакын мезгил туташ кат-сабаттуулук өнүккөн, санариптешкен заманда жашаган учурда мындай эл чыгармаларынын жаралаары анча ишендирбейт, изилдөөчү мына ушул субьективдүүлүктү реалдуу чындык позициясынан карап аны далилдеп бере алган. Демек, эл болгондон кийин эл арасындагы таланттуу адамдар тарабынан кандай мезгил болбосун элдик чыгармалар жарала берери табигый көрүнүш экендиги белгилүү болот.

К. Артыкбаев – кыргыз эл оозеки адабиятын жыйноочу катары да зор эмгек кылган окумуштуу. Анын студенттерге жылына уюштурулган фольклордук-диалектикалык практика учурунда эл арасында болуп, өз кулагы менен эл ичинде таланттуу адамдар тарабынан али да болсо кагазга түшпөй оозеки аткарылып келе жаткан нукура үлгүлөрүн угуп, жазып алып Алтын фондуга өткөрүп турганын фольклордук адабияттын узак өмүр сүрүшүнө камкордук катары карасак жаңылышпайбыз. Муну менен аны кыргыз фольклористика илиминин калыптанышына зор салымдарды кошуп илимдин телчигишине өзүнүн баалуу таасирлерин тийгизген профессионалдуу жыйноочу деп да белгилөөгө болот. Окумуштуу чогулткан материалдарды жыйнап, жазып алып гана тим болбостон, аны талдап, изилдеп, иликтөө предметине айландырып турганына анын «Сөз өнөрүн кимдер жыйноо керек» [5, 1976; 12] деген макаласы да күбө болот. Элдик оозеки адабияттын бай казынасы окумуштуу К. Артыкбаевдин интерпретациясында өтө чеберчилик менен анализденип, аягында жалпы окурман журтчулугу кеңири таанышсын деген максатта айрымдарынын текстин жарыялаган.

Башта айтылгандай изилдөө арсеналы кең илимпоз эл арасындагы элдик мурастарды, оозеки чыгармаларды түпкүрдө уюп жаткан кенч катары таап чыгып, жыйнап-чогултуп, аларга адабий анализ берип, ошону менен бирге жалпы окурмандарды тааныштыруу иретинде мезгилдүү басма сөз беттерине жарыялап турушу анын элдин кызыкчылыгын ойлогон патриоттуулугун көрсөтөт. Өзү уккан же күбө болгон элдик чыгармаларды басмага даярдоо иши деле оңбогондой чеберчиликти талап кылары белгилүү. Эл тагдырын, жаш муундардын келечегин ойлогон чыныгы атуул катарында К.Артыкбаев эл арасында айтылып жүргөн чыгармаларга кызыкчылык артып, андагы проблемалардын башын ачып берип гана тим болбостон, чет мамлекеттерде жашап жаткан кыргыз элинин чыгармаларын да илимий иликтөө объектисине айланткан таң калтырбай койбойт. Буга анын «Ала-Тоо» журналына жарыяланган «Кытайдагы кыргыздардын жомогу» деген макаласын күбөгө тартсак болот. Мында деле К.Артыкбаев өзүнүн изилдөө стилинин өзгөчөлүгүнө ылайык илимий-теориялык жана адабий түшүнүктөргө, мазмунуна талдоо берет, андан кийин кыргыздардын жомокторунун өзгөчөлүктөрүн жергиликтүү элдин варианттарындагы жалпылыктар жана окшоштуктар, аткарылыш жана таралуу чөйрөсү тууралуу кеңири сөз кылат, салыштырма-типологиялык илик жүргүзөт.

Элдик мурас-кенчти жазып алып, жыйнап-топтоп, адабий иликтөө жүргүзүп

кайра элге тартуулоо азыркы мезгил талабынан алып караганда адабиятчы илимпоздордун алдында турган кечиктирилгис баалуу милдет болуп саналат. Ал эми К. Артыкбаев болсо мына ушул милдетти чыгармачылык изденүү жолунда туу тутуп, элдик чыгармаларга өтө аяр мамиле жасагандыгы биз сөз кылып жаткан мисалдардан эле даана байкалат. Демек, К. Артыкбаевди кыргыз адабиятында белгилүү фольклорист катары бийик баалап, анын фольклордук чыгармаларды жыйноого жана изилдөөгө кошкон зор салымын реалдуулук үчүн белгилей кетүү аша чапкандык болбос эле.

Адатта, адабияттагы теориялык маселелерди чечмелөө, анализдөө өтө чоң чеберчиликти талап кылат. Бул жагынан алганда К. Артыкбаев окумуштуу катарында алдын ала көрө билген сезгич изилдөөчү. Фольклордук адабияттын бир ири жанры болгон кошоктордун XX кылымдын 70-жылдарына чейин изилдөө аренасында али да болсо бузулбаган дың катары тыңгылыктуу изилденбей келе жатышын байкаган илимпоз кошоктордун табиятына, айтылыш өзөгөчөлүктөрүнө жана чөйрөлүк таралышына кеңири токтолгон көлөмдүү изилдөө макаласын 1970-жылы жарыялайт [6, 1970]. Бул изилдөө эмгегинде дагы бир жолу кошоктордун табияты, анын баштапкы үлгүлөрү, байыркы жазма адабий эстеликтердеги көрүнүшү жана мааниси тууралуу кеп болот. «Кошок» сөзүнүн этимологиясы чечмеленет. Кошок жанрынын фольклористика илиминдеги буга чейинки изилдениши, изилдөөчүлөрдүн берген аныктамасы жана алардын ортосундагы айрымачылыктар тууралуу хронологиялык тартипте маалыматтар ирети берилет. Кошоктордун жаралышы алардын поэтикасы, бөтөнчөлүгү белгиленүү менен кошок жанрына тиешелүү теориялык-адабий түшүнүктөрдү чечмелеп берет, зарылдыгына жараша турмуштук реалдуу фактылардан мисал алуу менен өз ойлорун бекемдейт. Муну менен кошоктун жалпы элдик оозеки адабияттагы орду, азыркы күндөгү баалуулугу, алин маданий турмушундагы ээлеп келген ролу иликтөөгө алынат. «Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин оозеки поэзиясынын бир түрү болгон кошоктор дүйнөдөн кайткан ар бир адамдын өмүр жолунун өзгөчөлүктөрүнө жараша кошокчу тарабынан традициялуу поэтикалык көркөм каражаттарды колдонуу жана өз талантынын мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдалануу менен айтылуучу реалисттик багыттагы поэтикалык жанр болуп эсептелет» [6, 1970] деген жыйынтык менен кошок жанрына кыска жана так, ошол эле учурда берген мааниси терең адабий-теориялык бүтүмүн чыгарган. Ошентип ал:

- Кыргызстандын ар түрдүү райондорунан эл адабиятынын үлгүлөрүн жазып алып, мезгилдүү басма сөз беттерине жана атайын жыйнактарга жарыялап келген. К. Артыкбаев кыргыз жеринин баардык аймактарынан жана чет жерде жашаган кыргыз элинен элдик чыгармалардын үлгүлөрүн жыйнаган.
- К. Артыкбаев башка фольклордук адабиятты жыйноочу жана изилдөөчүлөрдөн айрымаланып, чет мамлекетте жашаган кыргыз элинин чыгармаларын азыркы кыргыз тилине которуу менен жарыялаган.
- К. Артыкбаев фольклордук чыгармаларды чогултуу менен аны басмага да даярдап берет.
- Фольклордук чыгармалар боюнча эң актуалдуу жана буга чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүнө түшпөй келген проблемаларды көтөрүп чыккан.

**Колдонулган адабияттар**

1. Ибраимов О. Көп кырдуу изденүү // Ленинчил жаш, 1984, 13-декабрь.
2. Артыкбаев К. Макал жана санжыра // Ленинчил жаш, 1967, 24-март.
3. Артыкбаев К. Эркек кошок кошобу? // Кыргызстан маданияты, 1996, 21-март, №4, 9-б.
4. Артыкбаев К. Коймотой какшык // Кыргызстан маданияты, 1984, 15-март, №11, 16-б.
5. Артыкбаев К. Сөз өнөрүн кимдер жыйноо керек // Кыргызстан маданияты», 1976, 12-апр., №7, 12-б.
6. Артыкбаев К. Кошок тууралуу сөз // Кыргызстан маданияты, 1970, 14-январь, №3.
7. Артыкбаев К. Айтуучубу же жаратуучубу? // Кыргызстан маданияты, 1973, 12-апрель, №15, 4-5 бб.
8. Артыкбаев К. «Манас» эпосун кимдер жараткан? Китепте: «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы. – Бишкек, 1995, 16-б.
9. Артыкбаев К. Айтыш өнөрү тууралуу // Советтик Кыргызстан, 1974, 18-июль.
10. Карымшаков С. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/ http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf, 48-б.
11. Устабаева Г. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/ http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf , 71-76-бб.
12. Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUUSTABAEVA%20G.K.%20avtoref..pdf
13. Турдубаева Н. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/ http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf , 70-71-бб.
14. Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUKULALIEVAK.2015-6.pdf
15. Качкынбай Артыкбаев. – Бишкек: КМУУ, 2004.

**Рецензент: филолог.и.д-р, профессор Эгембердиева А.А.**